## Ыйса Машайактын туулушу

1 Ошол күндөрү Август падыша бардык жерлерде жашаган
адамдарды каттоо жөнүндө буйрук чыгарды. 2 Бул каттоо Квириний
Сирияны бийлеп тургандагы биринчи эл каттоо эле. 3 Бардыгы, ар
ким өз шаарына, катталууга барышты. 4 Жусуп да, Дөөттүн үйүнөн
жана уруусунан болгондуктан, Галилеянын Назарет шаарынан
Иудеяга, Дөөттүн шаары Бетлеемге жөнөдү. 5 Аны менен сөйкө
салынган аялы Мариам да катталууга барды. Мариамдын боюнда
бар болчу. 6 Алар ошол жерде болгондо, анын төрөр мезгили келип
жетти. 7 Мариам өзүнүн тун Уулун төрөп, мейманкада орун жок
болгондуктан, Аны жалаякка ороп, мал акырга жаткырды. 8 Ошол
жерде түндө талаада өз малын кайтарып жаткан малчылар бар
болчу. 9 Кокусунан аларга Теңирдин периштеси көрүнүп, Теңирдин
даңкы алардын айланасында жаркырады; алар зор коркунучта
болушту. 10 Периште аларга айтты: «Коркпогула, мен силерге
бардык адамдарга зор кубаныч болуучу кабарды жар салам: 11
Бүгүн Дөөт шаарында силердин Куткаруучуңар туулду, Ал -
Теңириңер Машайак. 12 Бул силерге белги болот: Баланы мал үчүн
жасалган акырдын ичинде, жалаякка оролуп жаткан жеринен
табасыңар». 13 Капысынан ошол периште менен бирге көп сандагы
асман аскери (периштелер) көрүнүп, Кудайды даңкташып, үн
салышты: 14 «Жогоруда Кудайга даңк, жер үстүндө Ал сүйгөн
адамдардын арасында тынчтык болсун!» 15 Периштелер асманга
көтөрүлүп кеткенден кийин малчылар бири-бирине: «Бетлеемге
барып, Теңир бизге жарыялагандай, ал жерде болгон бул ишти
көрүп келелик», — дешти. 16 Анан шашылыш түрдө ал жерге
барышып, Мариамды да, Жусупту да, акырдын ичинде жаткан
Баланы да табышты. 17 Көрүшкөн соң, бул Бала туурасында аларга
билдирилгенин айтып беришти. 18 Малчылардын айткан сөздөрүн
угуп турушкандардын бардыгы айраң таң калышты. 19 Марим
болсо ошол сөздүн баарын терең ойлонуп, өзүнүн көңүлүнө түйүп
алды. 20 Малчылар, аларга айтылгандай, бардык уккан-көргөнү

үчүн Кудайды даңкташып, макташты да, кайра кайтышты.